ОРОЗБАЙ УУЛУ ЗАМИРБЕК

# СЕЗИМДЕН ӨЧПӨС ЧЫРАГЫМ



**ОРОЗБАЙ УУЛУ ЗАМИРБЕК**

# СЕЗИМДЕН ӨЧПӨС ЧЫРАГЫМ

*(ЫРЛАР)*

Бишкек – 2017

**УДК 821.51**
**ББК 84Ки7-5**
**О-69**

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы Д. Эсеналиевдин жалпы редакциясы астында чыгарылды.

**О-69** Сезимден өчпөс чырагым. **Орозбай уулу Замирбек**: Ырлар. – Б., Кыргызпатент, 2017.–24 б.

ISBN 978-9967-472-87-7

Бул китепчеге колуна калем алып, чыгармачылыктын түйшүктүү жолуна жаңы гана аралаша баштаган жана келечегинен көптү үмүттөндүргөн таланттуу жаш автордун чыгармалары топтоштурулду.

**О 4702300200-17** **УДК 821.51**
**ISBN 978-9967-472-87-7** **ББК 84Ки7-5**

© Орозбай уулу Замирбек, 2017
© Кыргызпатент, 2017

## КӨЗ КАРАШТАН АЙЫКТЫРЫП АЛААРСЫҢ

Учурашсак ооз учунан айтабыз,
Абал кандай? Сен жакшыбы, мен жакшы,
Бирок билбейм эмнегедир каректер,
Ала качып карай берет сен жакты.

Көңүл ооруп калса дагы өзүңдөн,
Көздөр кыйбайт сагынычтуу тиктешип,
Көкүрөктө муштум этке ээ бербей,
Көрүшпөсө бирин-бири издешип.

Көөдөндөгү өчпөс сүйүүм сен болуп,
Көктө күн, ай, жылдыз болуп жанаарсын,
Көңүлүмдүн ооруганын бир өзүң,
Көз караштан айыктырып алаарсың.

***

Бүгүн дагы уктабастан бир башкача таң атты,
Бүлбүл жанган үмүттөрүм бир чоң нерсе жаратты.
Мээни жеген ар ойлордон бир азыраак алыстап,
Мезгил менен тең жарышып тарткан жокмун азапты.

Жүрөгүмдүн түпкүрүнөн ушул сөздү уга алдым,
Жүктөн бошоп жонумдагы чын көңүлдөн кубандым,
"Жашоо сыноо, жалган баары аз өмүрдө андыктан,
Жан дүйнөңдү жалаң гана жакшы ыр менен сугаргын"

## КӨК БӨРҮ

Кошо келген улуу кыргыз көч менен,
Көрөнгөлүү оюндардан көптөгөн.
Көк бөрүнү тартып ойнойт жигиттер,
Көкүрөктө жалыны бар өчпөгөн.

Жаркып турса жаратылыш көктөмү,
Жылдыздарды суктандырып көктөгү,
Ат жалында шамал менен жарышып,
Ата-бабам ойноп келген көк бөрү.

Төргө салып шырдак  кийиз оймодон,
Төп келишкен келечегин ойлогон,
Төгөрөктүн төрт бурчунда кыргызым,
Төрт мезгилде көк бөрүнү ойногон.

Таптап минип ак куладай аттарды,
Өнөр баалап сыйлап сактап салттарды,
Айкөлдүгү ашып түшкөн баарынан,
Ай-ааламда кыргыз деген ат барбы?

Жаркып турса жаратылыш көктөмү,
Жылдыздарды суктандырып көктөгү,
Ат жалында ак калпакчан жигиттер,
Ар кылымда ойноп келген көк бөрү.

## КӨЗҮҢДӨГҮ МАХАБАТ

Көзүбүз чагылышса көзүңө арбаламын,
Көрө албай койдум дале көңүлгө арга барын,
Көксөгөн дареметим көкөлөп учпай эле,
Көкөйдө арман болуп көкүрөк жараладың.

Куткарып алып кетчи түбү жок азаптардан,
Күн бою сени ойлонуп күйүттүү азап тартам,
Күлгөндө көздөрүңдөн жүрөккө нур чачырайт,
Күлгөнүң көрүш үчүн айласыз жашап жатам.

Жашоомдун жарык жагын карайлап каптап туман,
Жан дүйнөм жай ала албай жашоодон аксам турам,
Жадырап жайнап турчу карагат мончок көздөр,
Жаныма дары эле го дүйнөмдү шаттап улам.

Жадырап жайнап көзүң жылмайып күлбөй калдың,
Жалгыз бир сен элең го periси гүлдөй жандын,
Жалжалым сен кеткенден жан дүйнөм чаң тополоң,
Калаксыз кайык сымал ордуман сүзбөй калдым.

Сени ойлоп таңым атып күнүмдү күйүт коштойт,
Сезимдин ханышасы жетпеген сүйүү окшойт,
Жалжал көз карындашым бактылуу болгун эми,
Жашоого таарынсак да тагдырлар бизди кошпойт.

## ЭЙ ЧОҢДОРУМ

Эй чоңдорум...
Элди качан ойлойсуңар,
Жарытылуу бир иш кылып койбойсуңар,
Ансыз деле эл силерди багып жатат,
Ошондо да шүгүр кылып тойбойсуңар.

Эй чоңдорум...
Креслого шашасыңар,
Ичиңер кир сыртынар тазасыңар,
Жөн да койбой кыргыздын алп тоолорун,
Сатып ийип же болбосо казасыңар.

Эй чондорум...
Эл байлыгын уурдайсыңар,
Убадага эч эле турбайсыңар,
Элди үгүттөп шайлоого келген кезде,
Шекер сөздү калп эле какшайсыңар.

Эй чоңдорум...
Элди неге алдайсыңар,
Өзүңөрчө саясатты талдайсыңар,
Бийлик колго тийгенде эч көрүнбөй,
Эл аралап деги эле барбайсыңар.

Эй чондорум...
Ичтен күйүп ырым жаздым,
Чет элдерден жардам сурап тырышасың,
Костюм-шымын кийип алып парламенттен,
Бири-бириң жакалап урушасың.

Эй чондорум...
Жаман бет кап кийиптирсиң,
Эл журтумдун кыжырына тийиптирсиң,
Казынада кыргыздын акчасынан,
Байлыгы көп бир депутат министрдин.

***

Курчап алды куру кыял, үмүттөр,
Кулуң болдум ак сүйүүдөн үмүткөр,
Ишенбесең эгер айткан сөзүмө,
Ичтен жанып алоолонуп сүйүп көр.

Башымды ийдим ак сүйүүгө байланбай,
Бакыт кушу так төбөмдө айланбай,
Сага деген жалындаган сезимим,
Ак сүйүүнүн суусун кечпей калгандай.

Сүйүү эмне? Даамы барбы ал кандай?
Сезилбейт го чын да болсо жалгандай,
Сенекпи же ушунчалык сезимиң,
Сыздап жүрөк мени азапка салгандай.

## БИЗ КЫРГЫЗБЫЗ!

Биз кыргызбыз Манас ата урпагы,
Ааламда жок айкөлдүктүн султаны.
Бабаларым мурас кылып калтырып,
Бизге жетти тирүүлүктүн бул таңы.

Биз кыргызбыз мекен үчүн жан берген,
Бизди көргөн башка элдер таң берген,
Манас атам кырк чоросун кураган,
Элди жыйып журтту жыйып сан жерден.

Биз кыргызбыз эли жерин сыйлаган,
Кыйындыкта кан досторун кыйбаган,
Ай ааламда жашап жаткан кыргыздын,
Жүрөктөрү «мекеним» деп туйлаган.

Биз кыргызбыз конок келсе кой сойгон,
Каада салтын бекем сактап колдонгон,
Тайып түшпөй дайым учук улаган,

Бийик ашуу белес сымал жолдордон.
Биз кыргызбыз ат жалында ойногон,
Келе турган келечекти ойлогон,
Ала-Тоонун Ысык-Көлдүн душманга,
Табышмактуу сырын ачып койбогон.

Биз кыргызбыз ар намыстуу эр жүрөк,
Аруу таңды келген дайым эл тилеп,
Кыргызымдын эркиндиктин желеги,
Турса экен дейм түбөлүккө желбиреп!

***

Кыштын кечи кандай гана жагымдуу,
Кардай аппак эргүү келет адамга,
Болбой койбойт сүйгөнүңдү сагынуу,
Балбалактап асмандан ак кар жааганда.

Кыштын таңы кандай гана тап таза,
Аруулантып жаш жүрөктү нурдаган,
Сагынычым жан дүйнөмдү каптаса,
Садагам ай бугум чыгат ырлардан.

Кыштын күнү карды көрсөм сени эстейм,
Кечинде да эртең менен түштө да,
Күтө берем жолуң карап келет дейм,
Сагындырып кирбей койдуң түшкө да.

**БИР УЧУР**

Турсаӊ азыр ак сүйүүдөн жар сүзүп,
Мен баратам мизи менен асканын.
Жолдорубуз кеткен үчүн бөлүнүп,
Сен да өзгөрдүӊ, мен да азыр башкамын.

Жалындаган сезимимдин жалынын,
Жалп өчүргөн тагдыр менен өкчөлүүм.
Мээрим күтүп турсаӊ азыр сүйүүдөн,
Мен да минтип махабаттан бөксөмүн.

Кайыл болуп көкүрөктүн өртүнө,
Күн өткөрүп сагынычтуу  кусалуу,
Элес кылып жашайттырбыз анткени,
Экөөбүздүн кадамыбыз тушалуу.

**ЖАКШЫ АДАМДАР**

Чыгара албай ичте буктун күптүүсүн,
Кыйналганда уйкум качып түнкүсүн,
Жүрөктөгү бүт кайгымдан арылам,
Уксам эгер апакемдин күлкүсүн.

Таалайымдан болгон үчүн көр пенде,
Тагдыр башка салганына көнгөндө,
Сүйүнүчүм ашып түшөт кайгымдан,
Сүйгөнүмдүн жылмайганын көргөндө.

Өрнөк кылып өмүрүмдөн кошконум,
Өйдө-ылдыйда жөлөк болгон кош колум,
Жакындабас кайгы-капа эч качан,
Жардамдашып жакын болсо досторум.

Туулгандан акыр бир күн жан алаар,
Турмуш далай какшык айтып табалаар.
Кейигенге акым жоктур ал кезде,
Кеңеш берип жол көрсөтсө агалар.

Жан дүйнөмдү байытаар ар бириңер,
Жакшы адамдар жүрөк толкуп сүйүнөөр.
Бул да мага өзүнчө бир чоң сыймык,
Менден артык өсүп жатса инилер.

Кандай күнгө туш келер бул абалым,
Дагы канча өчүп кайра жанамын.
Андай күндө ким жашоомо шаң берет,
Аны кийин ырга кошуп жазармын...

## ТАГДЫРГА КАЙРЫЛУУ

Турмуш кыйнап кысканда капшытыман,
Турдум ыйлап, мен кантип каршы чыгам.
Жашаш үчүн эртеңки күнүмдү улап,
Үзүлбөгөн үмүткө башты сунам.

Жарык көрсөм жол улап үмүт менен,
Жалын чачып, от болуп күйүп денем.
Жүрөгүмө өчпөгөн так салса да,
Жаным сабап жашоону сүйүп келем.

Чыйыр жолдон турмушка такшалаарда,
Чындык издейм калгыча башка арга.
Турмуш жүгүн пендеге артат окшойт,
Тагдыр өзү бир буттан аксаганда.

Турмуш мени жүрөккө тепкиледи,
Айтчы тагдыр бул күндөр эскиреби,
Эки сап ыр жазганча балким чындап.
Өмүрүмө таң атпас кеч киреби?

Тагдыр эзип кысканда капшытыман,
Тайманбастан мен кантип каршы чыгам?
Бүтпөс жашоо, өмүрүм кечирүүгө,
Бир күн келсе ажалга башты сунам.

***

Мен сенден кеттим алыска,
Мунума бергин калыс баа.
Сен дагы менден күн сайын,
Узагын! Уза алыста.

Жүрөрмүн дайым эскерип,
Жолукпа эми бет келип.
Жалындап күйүп жаныңда,
Жашабайм болду чектелип.

Сел алган эски жолдордой,
Сезимден калды жол болбой.
Калгансыйт жүрөк туурулуп,
Чор болуп жуулбас колдордой.

Сен эми менсиз болсо да,
Сезимге жаша кор болбой.

## БИЗДИН СҮЙҮҮ

Биздин жолдор эки ача эмес, биригет,
Сезет муну көкүрөктө туюм эт.
Сен мендеги жалындаган сезимге,
Бүт табият таазим этип ийилет.

Мерез тагдыр экөөбүздү бөлө албайт,
Кыр көрсөтүп корс сөз айтып сөгө албайт.
Өмүр суусун бир күн кечип кетсек да,
Сүйүүбүздү жерге кошуп көмө албайт.

Биздин сүйүү дастан болуп айтылат,
Сүйүү барда күнүм тийип, ай чыгат.
Биздин сүйүү алоолонуп а балким,
Ызгаар суукту кыш чилдени жай кылат.

**СУЛУУЛАР**

Эх сулуулар өзгөчө сымбатсыңар,
Эзип дартым күчөтүп, ырбаттыңар.
Айдын нуру төгүлгөн көркөмүңө,
Акыл жеткис чече алгыс сыр каттыңар.

Эх сулуулар гүл өңдүү назиксиңер,
Жыпар чачкан үлбүрөк бариксиңер.
Көргөн жанды мындай кой андан дагы,
Күндүн көзү тайгылган назик силер.

Эх сулуулар чынында сулуусуңар,
Сулуулукка жуурулуп улуусуңар.
Көр дүйнөнү көрөмүн силер менен,
Көкүрөктүн көзүмдүн нурусуңар.

## СЕЗИМДЕН ӨЧПӨС ЧЫРАГЫМ

Өзгөрүп дүйнөм бүтүндөй,
Өзгө жан аны түшүнбөй,
Жаңыча жашоо баштадым,
Жаздагы ачкан бүчүрдөй.

Сезимден өчпөс чырагым,
Сени мен сүйөм, чын аным,
Өксүккө түшүп муштум эт,
Өрттөнсө дагы чыдадым.

Кайраты калбай күчүмдүн,
Көп нерсе эми түшүндүм,
Кара көз сулуу сүйүүмдү,
Кайгыга салбай түшүнгүн.

Сүйүүдөн тарттым убара,
Азапка кайгы улаба,
Ак бермет асыл карындаш,
Абалым жаман, сураба.

Чаңкасам суусун кандырган,
Махабат, сезим жандырган,
Эх сулуу мени түшүнчү,
Мертинген жүрөк тагдырдан.

Кадырын билбей көптөрдүн,
Канча көп күндү өткөрдүм,
Дүрбөтүп өчкөн сезимди,
Дүйнөмө кирдиң төп келдиң.

Канчасы баркка жетпеди,
Кыйласы сүйүүм тепседи.
А сендик сезим алоолоп,
Жалынга салып өрттөдү.

Өрттөнөм күйөм чок болом,
Өкүткө түшүп токтолом.
Билдирип анан сүйүүмдү,
Билинбей барып жок болом.

Сезбейсиң билем сүйүүмдү,
Сен билген кезде жок болом.

## ӨЗГӨГӨ ЖАТ БИР АДАМ

Өтсө күндөр кайгы басып санаада,
Өрттөнө албай быкшып күйүп жан ала,
Билинбестен өзгөгө жат бир адам,
Күн кечирет "өмүр" деген калаада.

Жүрөгү анын ыр -  деп согот ыр жандуу,
Жасай алат ырдан асел, ырдан уу,
Жан дүйнөдөн айрый алгыс эч качан,
Жашоодо анын ыр арманы, жыргалы.

Болбойт анда калп сезимден жактыруу,
Жүрөгүнөн жактырганын жат кылуу,
Калтырууга жакшы эки сап дүйнөгө,
Ыр деп жашайт ырлар менен бактылуу.

Болбойт аны байлык менен алдашка,
Бай дагы эмес, кедей эмес ал башка,
Чын жүрөктөн чыгыш үчүн даяр ал,
Бир сап ырга бүт өмүрүн арнашка.

Кээде көңүл сабагынан соолуса,
Кечире алат кээ бир наадан тооруса,
Өзөк күйүп кетет чындап чыркырап,
Өзгөлөрдүн жүрөктөрү ооруса.

Тун сүйүүсүн азап менен өткөргөн,
Туман баскан туңгуюк жол көп көргөн,
Жүзү нурду уялдырса көктөгү,
Жүрөгү анын алоолонгон өрттөнгөн.

Тагдыр жолу татаал күнгө бет келип,
Ден-соолуктан калган бир аз чектелип,
Өмүр бою өчпөс кылып түбөлүк,
Өзүнө-өзү койгон ырдан эстелик.

Акча артынан түшүп кууп жөнөбөйт,
Ачка калса, кордук көрсө кенебейт,
Алдым-жуттум көр дүйнөгө баш салып,
Ал ырларын байлык менен ченебейт.
Ыроологон талантынан жаралган,
Ырлары анын төрт мезгилде мөмөлөйт.

## БАКЫТ ЖӨНҮНДӨ

Өргө тартып өмүр бүгүн гүлдөсүн,
Ойлонуп көр эртең кандай күндөсүң.
Убайым жеп жүгүрөбүз бакыт деп,
Ушул дүйнө бакыт болуп жүрбөсүн.

Таалайыңды тагдыр ташы теңдесин,
Акыл калча эртең кайсы жердесиң?
Бар убактың бакыт издеп жашасаң,
Балким бакыт өлүмдөн соң келбесин?

Ай-ааламга өчпөс кылып чачып нур,
Айтчы кимдер бакыт даамын татыптыр?
Адамзаттын бүт баардыгы баш салган,
Аркы дүйнө айтып бүткүс бакыттыр.

Оомал-төкмөл бул дүнүйө, кем дебей,
Орой сүйлөп, төштү кагып мен дебей,
Өзгөлөргө бакыт тилеп жүрөктөн,
Өмүр сүргүн пейили ток пендедей.

Буттан чалып көрө албас ор казганда,
Бактылуумун деп айткандан жазганба!
Мен бактылуу боло алмакмын дүйнөгө,
Өчпөс кылып эки сап ыр жазганда.

Ошондуктан өмүр бүгүн гүлдөсүн,
Ойлонгунуң эртең кандай күндөсүң?
Убайым жеп бакыт издеп жүргөндөр,
Ушул дүйнө бакыт болуп жүрбөсүн?

## КҮТҮЛБӨГӨН КЕЗДЕШҮҮ

Кайгы азаптан жаңы арылган кезимде,
Кайра баштан бүлүк салып сезимге.
Күтүүсүздөн күтчү жерден кездештик,
Күздүн күнү күнүм баткан кечинде.

Жайдары экен капалык жок жүзүңдө,
Жайнап өскүн сабагыңдан үзүлбө.
Таанышканбыз унутпаган чыгаарсың,
Так ушул күн, ушул айда күзүндө.

Көздөрүң эх, баягыдай мээримдүү,
Көргөнүмдө билбей эмне дээримди,
Бир көз караш жылмаюңду жамынып,
Бир ыр жаздым жүрөк чиркин эзилди.

Жалган айтып, калп жылмайып жасанбай,
Жаралангам жандап сени баса албай,
Жалындаган ак сүйүүмдөн сага арнап,
Жүрөгүңө жетээр сапты жаза албай.

Карегинден кубанычтын жашы аксын,
Кайгырсам да өлбөйт сүйүүм, жашайт чын!
Багын ачып, баркын билбей ырлардын,
Жүрөгүмдүн калеминде жашайсың.

Сезим өчтү, жолум урап сүйүүдөн,
Сени ойлосом майдаланам, биригем,
Ак сүйүүнүн гүл бактары бүрдөбөй,
Ал эчакта куурап калган чириген.

Сен дегенде турган турпат жайыман,
Тумчугамын, туталанам, кайыгам,
Бүт дартыма жалгыз ушул себептүү,
Сага арнаган ырлар менен айыгам.

***

Жүзүң сулуу болсо дагы карындаш,
Жүрөгүң муз экендигин кеч билдим,
Жалынарым мага окшотуп зарлатып,
Жан дүйнөсүн жаралаба эч кимдин.

Кара көзүң күлсө дагы жылмайып,
Көөдөнүң суук ызгаар экен үшүттүң,
Карегиңден байчечекей көрсөм деп,
Кучагында жашап келем үмүттүн.

Алсыратып жүрөгүмдү жаралап,
Аябастан жан дүйнөмө уу төктүң,
Махабатка май тамызып от жактың,
Жалындаса кайра неге суу септиң?

## СЕЗИМ КҮЧҮ

Тагдыр калчайт сыноосуна өкчөлмөй,
Толкуп ташып кээде туруп бөксөрмөй,
Билдирбестен өзгө жанга өксүсөк,
Бирде күлүп, бул өмүрдү өткөрмөй.

Башка түшкөн азаптарды тартмак бар,
Буттан чалат кээ бир наадан акмактар,
Акыр заман болгучакты өчпөсүн,
Адам бойдон абийириңди сактап кал.

Турмуш жолу устаранын мизиндей,
Жакшы ырлардан жашайм үмүт үзүлбөй,
Кулак угуп, көз көргөндүн баарынан,
Сезе элекмин аруу сезим күчүндөй.

Адам болуп аруу сезим аярлап,
Сакта аны бийиктиктен түшүрбөй.

***

Убакыттар жылып барат закымдап,
Улам сайын өлүм келет жакындап.

***

Жаратканга тобо кылып күн өткөр,
Бир күн келет сокпой калат жүрөктөр.

***

Куру шылтоо табылаттыр амалга,
А амалдын амалы жок ажалга.

***

Жүрөктөгү арзуларды чектебей,
Жүрөлүчү жүз үйрүшпөй кектебей.

***

Жаным ырлар көкүрөктө уюган,
Жазбай калсам кусаланам буюгам.

***

Жалган жашоо түгөнбөсө ченеми,
Жалын чачып жашагыныӊ сен эми.

## АЖАЛГА

Сен болбосоң түбөлүккө өлбөйбүз,
Сен болбосоң оо дүйнөнү көрбөйбүз,
Жерди казып, жатаар жайды даярдап,
Жаназага туруп, адам көмбөйбүз.

Тирүүлүктү койбойсуң ээ аяп да,
Түз жолдон түрт, ургун, мейли таякта!
Түгөнбөгөн суроо салып көрөйүн,
Түбүн кайда? Башталышын каякта?

Кара жандын тынчын алган шоксуңбу?
Кардың кандай? Ачкасыңбы? Токсуңбу?
Канча жанды жутуп кеттиң арадан?
Каниет кыл! Эмне тойгон жоксуңбу?!

Эсен жандын эбин тапкан оксуңбу?
"Өлүм" деген, өкүм кылган сотсуңбу?!
Мейкиндиктей учу-кыйры бүтпөгөн,
Мелмилдеген мезгилдерге доссуңбу?

А чынында чыркыраган чындыксың!
Чычалабай биздин жазган ырды уккун!
Чын дүйнөгө сапар алам бир күнү,
Чыпчыргасы коробостур турмуштун.

Көпчүлүктөн көөнүң түшсө короомо,
Тоскоолдук жок! Жолум тосуп тороого.
Мен кетейин. Өмүр сүрсүн кылымга,
Токто ажал! Ырларыма жолобо!

## Мазмуну

Көз караштан айыктырып алаарсың ........................................ 3
Көк бөрү ........................................................................................ 4
Көзүңдөгү махабат ........................................................................ 5
Эй чоңдорум .................................................................................. 6
Курчап алды куру кыял, үмүттөр ............................................ 7
Биз кыргызбыз! ............................................................................ 7
Бир учур ........................................................................................ 9
Жакшы адамдар .......................................................................... 10
Тагдырга кайрылуу ...................................................................... 11
Биздин сүйүү ................................................................................ 13
Сулуулар ...................................................................................... 14
Сезимден өчпөс чырагым .......................................................... 15
Өзгөгө жат бир адам .................................................................. 17
Бакыт жөнүндө ............................................................................ 18
Күтүлбөгөн кездешүү ................................................................ 19
Сезим күчү .................................................................................... 21
Ажалга .......................................................................................... 22

Адабий-көркөм басылма

**Орозбай уулу Замирбек**

Сезимден өчпөс чырагым
*Ырлар*

*Корректору:* С. Кубатова

*Чыгышына жооптуу:* Н. Рымбекова

*Компьютердик калыпка салган:* Ж. Курмушуева

Мукабаны көркөмдөөдө
Шейшембек кызы Насияттын ишинен фрагмент колдонулду

Китеп Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду
Тарабынан басууга сунушталды

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик
кызматынын Материалдарды жана расмий басылмаларды даярдоо
башкармалыгында басылды

Басууга кол коюлду: 27.10.2017 Формат: 60х90/16
Эсептик-басма табак: 1,9 Тапшырык № 751
Нускасы: 150

**Редакциянын дареги:** 720021, Бишкек ш., Москва көч., 62,
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик
жана инновациялар мамлекеттик кызматы
Тел.: 68-08-19, 68-16-98, 68-16-10



**Орозбай уулу Замирбек**

*1995-жылы Тогуз-Торо районунун Табылгыты айылында туулган. К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетин 2017-жылы бүтүргөн. "Жаңы толкун" адабий клубунун мүчөсү.*